УДК 393.05(=512.154)"04/14"(093)
DOI 10.35254/bsu/2024.70.02

***Абдужапар уулу Канатбек***
*Кыргыз-түрк Манас университети,*
*PhD доктаранты*

# КЫРГЫЗДАРДЫН АЗА КҮТҮҮДӨГҮ “БЕТ ТЫТУУ” САЛТЫНА БАЙЛАНЫШТУУ МААЛЫМАТТАР БОЮНЧА КЫСКАЧА ИЗИЛДӨӨ

**Кыскача мазмуну**

Макалада кыргыздардын "бет тытуу" аза күтүү салтына байланыштуу карама-каршы маалыматтар изилденет. Автор бул ырымдын келип чыгышын аныктоо үчүн ар кандай мезгилдердеги кытай тарыхый булактарын, ошондой эле орусиялык, кыргыз жана кытай окумуштууларынын эмгектерин талдайт. Жүргүзүлгөн салыштырмалуу изилдөө көрсөткөндөй, Энесай кыргыздары баштапкы учурда бул салтты колдонушкан эмес, бул эрте кытай жылнаамасы "Тун Дянь" (801-ж.) менен тастыкталат. Кийинки "Танхуэйяо" (961-ж.) жана "Цэ фу юань гуй" (1013-ж.) булактары ырымдын бар экендигин көрсөтөт, бул кыргыздардын Энесайдан Алтайга жана Тянь-Шанга көчкөндөн кийин жергиликтүү түрк уруулары менен ассимиляциялануусу менен түшүндүрүлөт. Изилдөөнүн жыйынтыктары бул салттын этномаданий байланыштар процессинде акырындык менен өздөштүрүлгөндүгү жөнүндөгү гипотезаны тастыктайт.

**Негизги сөздөр:** этнография, көмүү каада-салттары, маданий ассимиляция, түрк элдери, тарых жазуу, байыркы хроникалар, миграциялык процесстер, этникалар аралык байланыштар, маданий мурас, этникалык иденттүүлүк

***Абдужапар уулу Канатбек***
*Кыргызско-турецкий университет Манас,*
*PhD докторант*

# КРАТКОЕ ИССЛЕДОВАНИЕ ТРАУРНОГО ОБРЯДА “ПОЦАРАПАНИЕ ЛИЦА” У КЫРГЫЗОВ НА ОСНОВЕ СВЯЗАННЫХ С НИМ ДАННЫХ

**Аннотация**

Статья исследует противоречивые сведения о траурном обряде "бет тытуу" (поцарапание лица) у кыргызов. Автор анализирует китайские исторические источники разных периодов, а также труды российских, кыргызских и китайских ученых для выяснения происхождения данного ритуала. Проведенное сравнительное изучение документов показывает, что енисейские кыргызы изначально не практиковали этот обычай, что подтверждается ранними китайскими хрониками "Тун Дянь" (801 г.). Позднейшие источники "Танхуэйяо" (961 г.) и "Цэ фу юань гуй" (1013 г.) свидетельствуют о наличии обряда, что объясняется ассимиляцией кыргызов с местными тюркскими племенами после миграции из Енисея на Алтай и Тянь-Шань. Результаты исс-

ледования подтверждают гипотезу о постепенном заимствовании данной традиции в процессе этнокультурных контактов.

**Ключевые слова:** этнография, погребальные обычаи, культурная ассимиляция, тюркские народы, историография, древние хроники, миграционные процессы, межэтнические контакты, культурное наследие, этническая идентичность

***Abduzhapar uulu Kanatbek***
*Kyrgyz-Turkish Manas university,*
*PhD student*

# A BRIEF STUDY OF THE MOURNING RITUAL 'FACE-SCRATCHING' AMONG THE KYRGYZ PEOPLE BASED ON RELATED DATA

**Abstract**

This study examines contradictory evidence regarding the Kyrgyz mourning ritual of "bet tytuu" (face scratching). Origins of the ritual analyzing Chinese historical sources and scholarly works. A comparison shows that the Yenisei Kyrgyz initially did not practice this custom, as confirmed by the early Chinese chronicle "Tun Dian" (801 CE). Later sources, such as "Tanhueyao" (961 CE) and "Ce fu yuan gui" (1013 CE), indicate the presence of this ritual, explained by Kyrgyz assimilation with local Turkic tribes after migrating from Yenisei to Altai and Tian Shan. These findings support the hypothesis that this tradition was adopted through ethnocultural interaction.

**Keywords:** ethnography, funeral customs, cultural assimilation, Turkic peoples, historiography, ancient chronicles, migration processes, interethnic contacts, cultural heritage, ethnic identity

XX кылымга чейин Тянь-Шань кыргыздары арасында аза күтүүдө бетин тыткан салт кездешет, көбүнчө, күйөөсү каза болсо аялы ыйлап, бетин тытып күйөөсүнүн дүйнөдөн кайткандыгына өкүнүп ызасын билдирет. Белгилүү казак окумуштуусу Валиханов Чокан 1855-56-жылдары ысык-көлдүк кыргыздардын арасында жүргүзгөн илимий экспедициясынын натыйжасында кыргыздардын бет тытуу салты боюнча төмөнкүлөрдү жазган: “Кыргыздарда киши каза болсо бир жыл бою аза күтүшөт, аза күтүү негизинен төмөнкүлөрдү ичине камтыйт: боз үйгө кара түстөгү байрак илинет, аялы күндө эртең менен жана кечиндеси боздоп ыйлайт, ал эми көчүү учурунда дагы башка бир ритуал жүргүзүшөт – бетин тытышат. Бир жыл бою аялы кийимин алмаштырбайт” [1, 75-б.]. Ал эми Энесайлык кыргыздарда бет тытуу салты болбогондугу кытайдын тарыхый булактарына таянып далилденген. Бет тытуу сыяктуу, сөөктү жерге берүүдөгү традицияларды кыргыздар алгач Алтай, Иртыш дарыясынын бойлоруна, андан кийин Тянь-Шаньга көчүп келүү процессинде ал жерлерде жашаган жергиликтүү түрк урууларынан, алар менен болгон тыгыз этномаданий байланыштардан улам акырындап олтуруп кабыл алышкан [2]. Байыркы түрктөрдүн бет тытуу салты боюнча Таншуда төмөнкүдөй маалымат бар: “Сөөктү чатырдын ичине коюшат, өлгөн кишинин балдары, неберелери жана туугандары

эркеги да аялы да жылкы, кой союп чатырдын жанына коюп тартуулашат, ат үстүндө чатырдын тегерегинде жети жолу айланышат, андан соң чатырдын ичине кирээрде бычак менен беттерин тытышат жана катуу үн чыгарып ыйлашат. Алардын бетинен кан менен көз жаш кошо төгүлөт. Бул ритуал жети жолу кайталангандан соң токтотушат” [3, 471-б.].

Орус окумуштуулары байыркы кыргыздардын сөөк көмүү салтын изилдөөдө негизинен кытай булактарын колдонушкан. А.Н. Аристов монографиясында байыркы кыргыздардын аза күтүү салты тууралуу кытай тарыхый булагы “Синь Таншуга” таянып төмөнкү маалыматтарды айткан: “Сөөк көмүүдө беттерин тытпайт, сөөктү тегеренип үч жолу айланышат жана ыйлашат, андан соң сөөктү өрттөшөт, бир жылдан кийин сөөктү жерге көмүшөт” [4, 146-б.]. А.Н. Аристов ошол эле жерде: “Байыркы кыргыздардын сөөк көмүү салты байыркы түрктөрдүкүнө окшоп кетет, бирок, алар түрктөр сыяктуу беттерин тытпайт,” [4, 146-б.] - деп түшүндүрмө берет .

Академик Бартольд В.В. 1927-жылы Фрунзеде жарык көргөн “Киргизы: (исторический очерк)” аттуу эмгегинде аза күтүүдө “кыргыздар түрктөрдөн айырмаланып беттерин тытпайт” [5, 21-б.] - деп жазган . Ал эми ушул эле китептин экинчи басылышында кыргыздардын аза күтүү салты жөнүндө айтып жаткан жерде “кыргыздар түрктөрдөн айырмаланып беттерин тытпайт” [6, 494-б.] - деген жери алынып салынган . Бул эмне себептен жасалгандыгы белгисиз.

Бичурин Н.Я. “Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена” аттуу эмгегинде да кыргыздардын бет тытуу салты боюнча “түрктөрдөн айырмаланып кыргыздар бетин тытышпайт” [3] - деген маалыматты берет.

Энесайлык кыргыздардын сөөктү жерге берүүдөгү аза күтүү салты боюнча кытайлык тарыхчы-окумуштуулардын изилдөөлөрү салыштырмалуу азыраак. Мэн Нан “Байыркы Сяцзясынын “бет тытуу” салты боюнча кыскача изилдөө” [7] жана “Сяцзясынын бет тытуу салты боюнча изилдөөлөр” [8] аттуу макалаларында Энесайлык кыргыздарда сөөктү жерге берүүдө “бет тытуу” салтынын бар же жок болгондугуна байланыштуу изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Ал кытайдагы жана башка мамлекеттердеги маалыматтарды чогултуп терең анализ жүргүзгөн, ошондой эле кытайлык кыргыздар арасында бет тытуу салты боюнча изилдөө иштерин жүргүзгөн. Жыйынтыгында ал Энесайлык кыргыздарда аза күтүүдө бет тытуу салтынын болгондугун жана бул салт бүгүнкү күнгө чейин кытайлык кыргыздар арасында колдонулуп келгендигин айткан. Мындан улам бүгүнкү күнгө чейин айтылып келген Энесайлык кыргыздарда аза күтүүдө бет тытуу болгон эмес деген маалымат чындыкка жатпаарын айткан. Анын айтуусу боюнча Энесайлык кыргыздарда аза күтүүдө бет тытуу салты болгон эмес деген маалымат негизинен үч тарыхый кытай булактарына таянып айтылып келген, алар “Тун Дянь”（《通典》）, “Тайпин Хуанюйцзи”（《太平寰宇记》）жана “Синь Таншу”（《新唐书》）. Бирок, окумуштуулардын бул булактарга таянып Энесайлык кыргыздарда аза күтүүдө бет тытуу салты болгон эмес деп айтуу туура эмес деп эсептейт. Автор тарыхчы-окумуштуулар бул маселе боюнча кытайдын “Танхуэйяо” (《唐会要》), “Цэ фу юань гуй” (《册府元龟》)да айтылган маалыматтарга таянуусу керектигин айткан, бул эки булакта Сяцзясынын аза күтүүдө бет тытуу салты болгондугу тууралуу так жазылган окшош маалыматтар бар [7; 8].

Автор кытайлык тарыхчылар кыргыздардын аза күтүүдөгү бет тытуу салтын изилдөөдө аябай кылдат мамиле кылып жатышкандыгын айтат. Анткени, кытайдын бир канча байыркы аутенттүү булак-

тарынан бул маселе боюнча эки башкача маалымат бар экендигин эске алышып, белгилүү көз карашты айтууда тийиштүү булакка шилтеме берип жатышат деп айтат. Жыйынтыгында Мэн Нан байыркы кыргыздарда да бет тытуу салты бар экендигине токтолуп, анын себептерин төмөнкүчө түшүндүрөт: Биринчиден, “Танхуэйяо”, “Цэ фу юань гуй” булактарында байыркы кыргыздарда бет тытуу салты болгондугу так жазылган, анын үстүнө “Танхуэйяо” булагынын жазылыш тарыхы “Тайпин Хуанюйцзи” жана “Синь Таншу”га караганда эрте экендигин көрсөтөт. Экинчиден, “Тун Дянь”, “Тайпин Хуанюйцзи” жана “Синь Таншу” булактарында катачылык бар экендигин айтат. Байыркы кытай тилинин грамматикасы боюнча бул булактарда жазылган “丧不剺面”(сөөк көмүүдө бет тытпайт) сүйлөмүндөгү “不”(жок дегенди билдирет, же кыргыз тилиндеги “–ба” мүчөсүнүн кызматын аткарат) сөзүнүн бул сүйлөмдөгү орду туура эмес экендигин айтат, анын ордуна “刀” (бычак) сөзү грамматикалык жактан туура келип жаткандыгын көрсөтөт. Бул эки иероглиф жазылышы жактан бири-бирине окшоп кеткендиктен жазуу учурунда катачылык кеткендигин айтат. А эгерде “不” иероглифинин ордуна “刀” иероглифин жазып карасак “丧刀剺面”(сөөк көмүүдө бычак менен бет тытат) мааниси келип чыгып жатат [7].

Башка бир кытайлык тарыхчы Ван Цзе “Сяцзясы маданиятын кыскача изилдөө” аттуу макаласында байыркы кыргыздардын бет тытуу салты боюнча кытай тарыхый булактарында эки түрдүү маалымат кездешкендигин айтып, кыргыздардын бет тытуу салты менен байыркы түрктөрдүн жана уйгурлардын бет тытуу салттары менен кыскача салыштырма жүргүзөт. Ошондой эле, автор “Синь Таншуда” кездешкен “кыргыздар аза күтүүдө бет тытпайт, сөөктү үч тегеренип ыйлашат” жана “Тайпин Хуанюйцзидеги” бет тытпайт деген маалыматтар “Тун Дяньдан” алынып жазылгандыгын айтат [9, 94-б.].

1986-жылы Кытай Эл Республикасынын Синьцзян элдик басмасы тарабынан жарык көргөн “Кыргыз улутунун кыскача тарыхы” [10] аттуу китепте да айтылып жаткан салт боюнча токтолуп кетет. Анда кыргыздардын сөөк көмүү салты байыркы түрктөрдүкүнө окшоп кеткен жерлери бар экендигин айтып, бет тытуу салты түрктөрдө, андан мурун гунндарда да бар болгонун жазат. Ал эми кыргыздарда бул салт бар же жок экендиги боюнча маселеге келгенде кытай булактарында эки башка маалымат болгондугуна таянып так бир тыянакка келбей суроо бойдон калтырып коёт.

Байыркы кыргыздарда аза күтүүдө бет тытуу салты бар же жок болгондугу боюнча, жогоруда айтылган бир канча кытай тарыхый булактарына жана кийинки бул маселе үстүндө изилдөө алып барган авторлордун эмгектерине таянып төмөнкүдөй жыйынтык чыгарсак болот: Аталган кытай булактарынын ичинен жазылыш тарыхы боюнча алып карасак эң эрте жазылганы бул “Тун Дянь” (801-жыл), дал ушул тарыхый булакта Энесайлык кыргыздардын салты жазылып калган. Кытайлык тарыхчы Ван Цзенин айтуусу боюнча кийинки булактарда б.а. “Тайпин Хуанюйцзиде” (976-983-жж.) жана “Синь Таншуда” (1060-жыл) жазылган маалыматтар “Тун Дяньдан” алып жазылган. Демек бул булактарда накта Энесайлык кыргыздардын аза күтүүдөгү салты айтылып жатат. Ал эми “Танхуэйяо” (961-жыл) жана “Цэ фу юань гуй” (1013-жыл) булактарынын жазылыш тарыхы “Тун Дяньга” салыштырганда бир топ кийинки жылдарда болуп жатат. Бул булактарда кыргыздар 840-жылы Уйгур каганатын кулаткандан кийин Монголия жана Иртыш боюна жайылып келип олтуруп ал жерлердеги жергиликтүү түрк тектүү уруулар менен жалгашуусунун натыйжасында бет тытуу салтын өздөштүргөндөн кийинки

маалыматар жазылып жатат. Бул тарыхый маалыматтар кыргыз тарыхчылары тарабынан айтылган “Энесайлык кыргыздар сөөктү жерге берүүдө бет тытуу салтын кыргыздар алгач Алтай, Иртыш дарыясынын бойлоруна андан кийин Тянь-Шаньга көчүп келүү процессинде ал жерлерде жашаган жергиликтүү түрк урууларынан, алар менен болгон тыгыз этномаданий байланыштардан улам акырындап олтуруп кабыл алышкан” [2], деген көз караштЫ дагы бир ирет тастыктап турат.

**Адабияттар**


1. Валиханов, Ч. Ч. Собрание сочинений в пяти томах. Том 2 / Ч. Ч. Валиханов ; редактор А. Х. Маргулан. – Алма-Ата : Главная редакция Казахской советской энциклопедии, 1985. – 416 с.
2. Мокеев, А. М. Эволюция похоронных обрядов кыргызского народа / А. М. Мокеев, А. З. Жапаров // Вестник Томского государственного университета. История. – 2022. – № 75. – С. 148-156.
3. Бичурин, Н. Я. (Иакинф). Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена : сочинение монаха Иакинфа. Часть I / Н. Я. Бичурин (Иакинф). – Алматы : Жалын баспасы, 1998. – 388 с.
4. Аристов, Н. А. Усуни и кыргызы или кара-кыргызы : очерки истории и быта населения западного Тянь-Шаня и исследования по его исторической географии / Н. А. Аристов. – Бишкек : Илим, 2001. – 582 с.
5. Бартольд, В. В. Киргизы : (исторический очерк) / В. В. Бартольд. – Фрунзе : Киргизское государственное издательство, 1927. – 57 с.
6. Бартольд, В. В. Сочинения. Т. 2, ч. 2. Работы по отдельным проблемам истории Средней Азии / В. В. Бартольд. – Москва : Издательство восточной литературы, 1964. – 657 с.
7. 孟楠. 古代黠戛斯人»剺面»习俗小考 = Байыркы Сяцзясынын «бет тытуу» салты боюнча кыскача изилдөө = Краткое исследование обычая «царапания лица» у древних хакасов / 孟楠 = Мэн Нан // 中国西北边疆 = Кытай түндүк батыш чек ара аймагы = Китайское северо-западное приграничье. – 2004. – № 1. – С. 1-7. – Текст на китайском языке.
8. 孟楠. 黠戛斯人剺面习俗研究 = Сяцзясынын бет тытуу салты боюнча изилдөөлөр = Исследования обычая царапания лица у хакасов / 孟楠 = Мэн Нан // 西域研究 = Батыш аймагы изилдөөлөрү = Исследования западных регионов. – 2007. – № 3. – С. 86-93. – Текст на китайском языке.
9. 王洁. 黠戛斯文化管窥 = Сяцзясы маданиятын кыскача изилдөө = Краткое исследование культуры хакасов / 王洁 = Ван Цзе // 广播电视大学学报（哲学社会科学版）= Теле-радио университети жарчысы = Вестник теле-радио университета. – 2011. – № 4. – Текст на китайском языке.
10. 《柯尔克孜族简史》编写组. 柯尔克孜族简史 = Кыргыз улутунун кыскача тарыхы = Краткая история кыргызской национальности / 《柯尔克孜族简史》编写组 = «Кыргыз улутунун кыскача тарыхы» редакторлор тобу = редакционная группа «Краткой истории кыргызской национальности». – 乌鲁木齐 : 新疆人民出版社 = Урумчи : Синьцзян элдик басмасы = Синьцзянское народное издательство, 1986. – （中国少数民族简史丛书 = Кытай аз сандуу улуттарынын кыскача тарыхы китептер топтому = Серия кратких историй национальных меньшинств Китая). – Текст на китайском языке.